**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН**
**ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАСТАР ИНСТИТУТУ**

**Диссертациялык кеңеш Д.07.16.528**

*Кол жазма укугунда:*
*УДК:930.2(57б.2)(043.3)*

**УРАИМОВ ШАЙДИЛА**

# САНЖЫРАНЫН КЫРГЫЗ ТАРЫХЫН ИЗИЛДӨӨДӨГҮ ЭЭЛЕГЕН ОРДУ

**Адистиги: 07 00 09. – Ата Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

**Бишкек –2018**

Диссертациялык иш Баткен мамлекеттик университетинин Кызыл-Кыя педагогикалык институтунун «Тарых жана дене тарбия» кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчиси**: тарых илимдеринин доктору, профессор
**Чотонов ҮсөналыЧотонович**

**Расмий оппоненттер**: тарых илимдеринин доктору, профессор
**Алымбаев Жээнбек Байыскулович**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент
**Зайниев Раушанбек Акимович**

**Жетектөөчү мекеме**: Жалал-Абад мамлекеттик университетинин тарых кафедрасы

Диссертация 2018-жылдын “___”_____________ саат _ дө И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин, Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Тарых жана маданий мурастар институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.07.16.528 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51а.

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51а.

Авторефераттын жана диссертациялык иштин толук тексти *arabaev.kg* сайтына жүктөлгөн.

Автореферат 2018-жылдын «___»_______________ таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, т.и.д., профессор Курбанова Н.У.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. 70 жылдан ашуун өкүм сүрүп, марксисттик-лениндик теория менен методологиянын негизинде өнүгүп келген советтик тарых илиминде СССРдин курамына кирген башка улуттардын тарыхын изилдөөдө, ал улуттун тарыхынын өзгөчөлүктөрү, элдин менталитети, коомдук-саясий турмушуна байланышкан маселелер көз жаздымда калып келген. Улуттук тарыхтын өзгөчөлүктөрү эске алынбай, жалпы бир бүтүн илимий концепция жаратуу аракеттери көрүлүп келгендиги белгилүү. Алсак, көчмөн элдердин тарыхын, генеалогиясын, этнографиясын тактап, оозеки түрдө муундан-муунга берип келген, эл арасындагы «куйма кулак» инсандар аркылуу топтолгон оозеки тарыхый булактардын бир формасы болгон санжыраны изилдөөгө көп көңүл бурулган эмес. Уруунун тегин изилдеген санжыраны окутуу - улуттар арасындагы биримдикке доо кетирүүчү көрүнүш катары каралган. Көчмөн турмушта жашаган кыргыз элинин тарыхы, теги унутта калтырылбай, «талаа тарыхнаамасынын» өкүлдөрү болгон санжырачылардын эс-тутумунда сакталып, муундан- муунга берилип келген. Эгемендүүлүк алган жылдардан тарта советтик идеологиянын таасири астында, тарых илиминде жетиштүү изилденбей келген маселелерди изилдөө зарылдыгы жаралды.

Кыргызстандын тарыхын изилдөөдөгү орду, кыргыз элинин тарыхын чагылдырган тарыхый булактын бир түрү катары кароо маселеси актуалдуу бойдон калууда. Эгемендүүлүк доордо санжырачылардын көп жылдар бою жарык көрбөй жаткан кол жазмаларынын жарыяланышы, бир катар эмгектердин жарык көрүшү, санжыра маселесинин Кыргызстан тарыхнаамасындагы актуалдуу маселелердин бири гана эмес, жалпы эле коомчулуктун талабы экендигинин күбөсү болуп саналат. Албетте, санжыраны тарыхый булак катары изилдөөдө, андагы тарыхый фактылардын тактыгын, аныктыгын, маалыматтуулугун баалоодо тарыхый методдорду колдонуу менен гана тарыхый булак катары пайдалануу керектигин белгилеп кетмекчибиз. Санжырага тарыхый сын көз-караш менен кароо аталган булактын оозеки түрдө сакталып келиши, анын мазмунунун өзгөрүшү, ошол эле учурда идеологиялык функцияны аткарып келгендиги менен түшүндүрүлөт.

Санжыра муундардын уруулук, уруктук, мыйзам ченемдүү байланыштары жана ага ылайык укуктук жана этникалык нормаларга окшогон жалпы адамзаттык баалуулуктар менен байланышкан. Ал баалуулуктар байыркы мезгилдерде эле калыптанган, ал эми азыркы күндө жаңы сапаттык мүнөзгө ээ боло баштады. Ошондуктан ал социалдык, улуттук, кесиптик жана башка топко кирген коомдун бардык катмарларынын кызыгуусун пайда кылат.

**Теманын изилденүү деңгээли**. Кыргыз элинин санжырасын кыргыз тарыхын изилдөөдөгү орду, анын тарыхый булактык маанисин карап жатып, санжыра темасын чагылдырган эмгектерди революцияга чейинки, советтик жана постсоветтик мезгилге бөлүп кароо зарыл.

*Революцияга чейинки доор.* Орус тарыхнаамасында XVIII к. экинчи жарымынан тарта кыргыздар туурасындагы тарыхый материалдар чыгыштаануучулар тарабынан изилденип, кыргыздардын уруулук курамы, саны, алардын таралышы жөнүндөгү эмгектер жарык көрө баштаган. Кыргыз уруулары тууралуу алгачкы маалыматты берген авторлордун катарына И.Андреев кирет. Кыргыздардын саясий абалын сүрөттөп келип, автор, кыргыздар саяк, солто, бугу, кытай, багыш, саруу ж.б. баары 10 (волостко) урууга бөлүнөрүн жана алардын башында бийлер турарын айтат [30,с.52-53]. И.Г.Андреевдин эмгегин кыргыздардын уруулары боюнча орус тарыхнаасаындагы алгачкы эмгектердин бири катары кароого болот.

Россия империясынын Орто Азияга карата жасаган геосаясатынан улам XIXк.экинчи жарымынан тарта кыргыздардын саясий–социалдык турмушун, уруулук курамын чагылдырган эмгектер арбын жарала баштаган. Кыргыздардын уруулук курамын, уруктарга бөлүнүшүн кеңири чагылдырууга аракет жасаган авторлордун бири Ч.Ч.Валиханов болуп саналат. 1856-1857-жылдары түндүк Кыргызстандын аймагына келип, кыргыздардын ички турмушу менен жакындан тааныш болгон автор, күндөлүк формасында жазылган эмгектеринде элдик оозеки чыгармачылыкка,уруулук түзүлүшкө байланышкан материалдарды сүрөттөп кеткен.Маселен, «Записки о киргизах» аттуу эмгегинде кыргыздардын коомдук түзүлүшүнө кайрылган автор,кыргыздар негизинен оң жана сол канатка бөлүнөөрүн белгилейт. Ар бир канат өз алдынча урууларга, майда уруктарга бөлүнүшөт,-деп жазат[76,с.40].Кыргыз урууларынын келип чыгышына токтолуп, оң жана сол канаттын келип чыгышына байланышкан генеалогиялык уламышка токтолуп,кеткен [76,с.40]. Аталган эмгектин «История орды» -деген бөлүгүндө болсо, кыргыздардын келип чыгышына байланышкан тарыхый легенда сүрөттөлөт. Легенданы автор элдин оозунан жазып алган. Орус тарыхнаамасында биричилерден болуп, кыргыз урууларынын 40 кыздан тараган легендалардын варианттары берилген [76,с.45-47].

Кыргыздардын уруулары туурасындагы маалыматты котормочу И.Бардашевдин макаласында сүрөттөлөт. «Кара кыргыздар» терминин колдонгон автор: «Бардык кара ордолуктар уруулардан жана бөлүмдөрдөн (уруктардан) турушат, алардын негизгилери – бугулар, сарбагыштар, солтолор. Ар бир уруу көпчүлүк эл тарабынан шайланган манаптар тарабынан башкарылат», – деп эскерет [53, с.385]. Уруулардын жалпы санын билүүгө мүмкүн болбогонун белгилеген автор болжолдуу гана маалыматтарды берүүгө аракет жасаган. И.А.Бардашев, Ч.Валиханов келтирген фактыларга үндөш материалдарды Н.А.Маевдин эмгегинен да табууга болот. Кокон хандыгында жашаган урууларга токтолгон автор: «Кыргыздар 14 урукка бөлүнөт, алардын ичинен эң белгилүүлөрү – сарбагыш, бугу, солто. Сарбагыштар 10.000 түтүн, бугулардын 100 миң башка жакын жылкысы бар, солтолор 6000 түтүн» [132,

с.10], – деп белгилеген. Бирок Н.А.Маев кыргыздардын 14 уругу, алардын аталыштары боюнча маалымат бере алган эмес.

Батыш-Сибир генерал-губернаторлугу тарабынан 1849жылы жарык көргөн «Сведение о дикокаменных киргизах» аттуу макала түндүк кыргыздардын уруулук курамын, ички саясий абалын, алардын географиялык жайгашуусун чагылдырган эмгектердин бири болуп эсептелет. Аталган макаланын “Разделение и управление”, “Число жителей” аттуу бөлүгүнөн түндүк кыргыздардын уруулары, алардын саны жөнүндө маалымат берилет. Макалада: “Кыргыздар (черная орда) бир канча урууларга жана уруктарга бөлүнүшөт. Алардын негизгилери – бугу, сарыбагыш, солто. Ар бир урук жана уруу эл тарабынан шайланган манаптар тарабынан башкарылат”,–деп сүрөттөлөт[191,с.141]. Кыргыздардын белгилүү манаптары аталып, алардын карамагындагы элдин саны көрсөтүлөт

XIXк. экинчи жарымындагы кыргыз урууларынын курамы, алардын болжолдуу саны боюнча маалыматты В.В.Радловдун «Сибирден 1862-жылдагы саякаттын күндөлүгүнөн» - аттуу макаласында сүрөттөлөт. Орус географиялык коому тарабынан 1869-жылы кыргызстандын аймагына келген автордун аталган эмгеги күндөлүк формасында жазылган.Чүй өрөөнүнүн Токмок, Ысык-Көл аймактарында болуп кыргыздардын турмушу менен жакындан таанышууга үлгүргөн. “Кара кыргыздардын саны өтө көп болушу мүмкүн.Алар: оң жана сол деп экиге бөлүнөт.Ону алты урууга, сол тобунун саны оң топко караганда бир кыйла аз»- [181,159б]деп эскерет. Ошол эле учурда В.В. Радлов бугу жана сарыбагыштын айрым бөлүктөрү боюнча статистикалык маалыматты бир орус чиновнигинен алганын белгилеп өтөт. Натыйжада, автор бугу, белек, кыдык, желдең,сарыбагыш ж.б. уруулары, аларга кирген урук тобу алардын тутун санын белгилеп кеткен [18,161-163бб]. В.В.Радловдун кыргыз урууларынын бөлүнүшү туурасындагы материалдарды манаптардын, жергиликтүү санжырачылардын оозунан жыйнап алган деген тыянак чыгарууга болот.

Революцияга чейинки доордогу орус тарыхнаамасынын өкүлдөрүнүн ичинен түрк элдеринин этникалык курамы боюнча көлөмдүү эмгек жараткан авторлордун бири Н.А.Аристовболуп саналат.Автордун аталган изилдөөсү Борбордук Азияда жана Орто Азияда жашаган түрк элдерине тарыхый обзор жүргүзүлүп, түрк элдеринин этникалык курамы, алардын саны жана өз ара байланыштары изилдөөгө арналган. Эмгектин « Кара киргизы» аттуу бөлүгүндө, Эне- Сайлык кыргыздар менен Тянь- Шандык кыргыздардын этникалык байланышы, территориялык жайгашуусу, боюнча кенири маалымат берилет. Н.А.Аристов кыргыздардын урууларга бөлүнүшү,алардын саны, жана жалпы эле турк элдерин лингвистикасын жана антропологиялык жактан классификациялоодо кыргыздардын ролуна токтолот.Н.А.Аристов түрк урууларынын этникалык курамын аныктоодогу негизги белги катары-уруулардын аттары жана уруулук тамгалары маанилүү ролду ойноорун белгилейт. Автор кыргыз урууларынын курамын санап өтүп, усундардын жана

анын тукуму  сары уйсундардын, кирейлердин келип чыгышын кыргыздар менен байланыштырат [38,с.435].

Түштүк аймакта жашаган кыргыздардын саны боюнча толук эмес маалыматтыЛ.Ф.Костенконун эмгегинде сүрөттөлөт. Алсак, Л.Ф.Костенконун 1876-жылдагы чогулткан маалыматы боюнча: «Алайда монгуш уруусу 1225 түтүн, адыгине 3145 түтүн жана монгуш адыгинеге караганда ичкилик уруусу көптүк кылат», – деп жазат [225, с.373].

Кыргыз урууларынын территориялык жайгашуусу боюнча кызыктуу этнографиялык маалыматтарды жазган авторлордун бири М.Ф.Ситняковский. Фергана өрөөнүндө жашаган кыргыздардын уруулук курамына  токтолуп: «Фергана өрөөнүндө жашаган кыргыздар эки чоң урууга бөлүнөт:1)отуз-уул 2)ичкилик.   Отуз уулдан тарагандар Фергана өрөөнүнүн Чыгыш тарабында, Жети-Суу  жана Кашкарф аймактарында орун алышкан.Ичкилик уруулары болсо Ферғананын түштүк аймагында турушат”-деп эскерет[192,с.91].Аталган макаласында Н.Ф.Ситняковский отуз уул жана ичкилик урууларынын ич ара майда уруктарга бөлүнгөндүгүн,алардын  жашаган жерин,кайсыл уездин волостун курамына киришерин көрсөткөн кыргыз урууларынын  таблицасын сунуш кылат.

Демек, революцияга чейинки доордогу изилдөөлөрдө кыргыз урууларынын курамы, жайгашуу аймагы тууурасындагы материалдар чагылдырылган. Каралып жаткан доордогу авторлордун көпчүлүгү кыргыздардын саясий абалын сүрөттөөдөн улам, уруулук түзүлүшүнө көңүл бурушкан. Ошол эле учурда кыргыз урууларынын таралышы, курамы тууурасында толук изилдөөлөр жетишсиз болгон.

*Советтик тарыхнаама***.** Советтик идеологиянын негизинде өнүккөн советтик-кыргыз тарыхнаамасында  санжыра темасына арналган илимий эмгектер саналуу гана. Советтик  идеологиялык коньюнктурага жараша  көчмөн элдердин тарыхынын өзгөчөлүктөрү, алардын  коомдук-түзүлүшү, менталитети сыяктуу маселелер көз жаздымда калып келген.   20-30-жж. советтик тарыхнаамадагы кыргыздардын уруулук түзүлүшүн изилдөөгө арналган алгачкы   эмгектердин катарына Т.Насыров жана В.Н.Дублицкий, М.Ф.Гавриловдун [91] чакан макалаларын кошууга болот.  Чакан китепче катары жарык көргөн бул эмгекте Жети-Суу аймагында  жашаган кыргыздардын кыскача тарыхына токтолушат. Авторлор манапчылык институту түзүлгөнгө чейин  кыргыздар өз алдынча  бир катар урууларга бөлүнүшкөндүгүн айтып, ал уруулардын курамын тизмектеп өткөн. «Белгисиз жылдарда, белгисиз бир себептерден улам кыргыздар саясий жактан эки: оң, сол канатка бөлүнгөн», -деп белгилейт авторлор. Оң канатка: сарыбагыш, бугу, солто, саяк; сол канатка - саруу, мундуз, кушчу, кулжеке, басыз, кытай уруулары кирет. Оң канаттын өкүлдөрү Батыш Тянь-Шанда,  сол канатка киргендер Фергана жана Алайда жашарын белгилеп өтүшкөн. Т.Насыров, В.Н.Дублицкий кыргыздардын сан жагынан белгилүү урууларынын уруулук

таблицасын түзүп жарыялашкан. Бирок, бул таблицага  айрым майда уруктар кирбей калган.

М.Ф.Гавриловдун «Манап» аттуу көлөмдүү макаласы кыргыздардын социалдык түзүлүшүндөгү манаптардын ролун аныктоого арналган [81]. Манапчылыктын тегине кайрылган автор, “манап” термининин келип чыгышы Суусамырдык санжырачылар Баймат Абдырахманов,  Ибраим Байзаков тарабынан айтылып жүргөндүгүн эскерет [81,с.204].  Элдик санжырага таянган М.Ф.Гаврилов “манап” термининин келип чыгышын жеке инсандын аты менен, түпкү тегин Долон бийдин баласы Ак уул менен байланыштырат. Акуулдан Тагай, Кылжыр, Давлес,  анын  Манап аттуу баласы баатыр, кол алдында жигит кармаган инсан болгондугун белгилейт [81,с.204].

Түштүк аймакта жашаган кыргыз урууларынын генеалогиясы, таралышы, изилдениши, географиялык жайгашышы Я.Р.Винниковдун илимий эмгегинде кеңири бир топ кеңири берилген [79].  Я.В.Винниковдун маалыматтары 1954-жылы Түштүк Кыргызстанга жасалган этнографиялык экспедиция учурунда жыйналган. Этнографиялык экспедиция учурунда XVIIIк. -XXк. башындагы кыргыз урууларынын жайгашуусу, алардын курамы тууралуу маалымат эл арасындагы санжырачылардан, информаторлордон топтолгон. Я.Р.Винниковдун аталган эмгегинде Жалал-Абад областынын 11, Ош областынын 17 районунда жашаган кыргыз урууларынын курамын чагылдырган этнографиялык таблица бар. Белгилей кетчү нерсе, Я.В.Винников тарабынан түзүлгөн кыргыз урууларынын этнографиялык картасы изилдөөчүлөр тарабынан ушул күнгө чейин изилдөө иштеринде колдонулуп, өз актуалдуулугун жоготпой келе жатат.

Кыргыз элинин санжырасын, анын тарыхый булактык ролун изилдөөгө салым кошкон окумуштуулардын бири белгилүү этнограф С.Абрамзон болуп саналат. Каралып жаткан илимий маселеге карата  бир катар эмгектер С.Абрамзондун калемине таандык [32,33,34,35,36,213,214,215,].  Окумуштуу кыргыз элинин генеалогиялык уламыштары, кыргыз урууларынын оң, сол, ичкилик урууларына бөлүнүшү боюнча кеңири изилдөө жүргүзгөн. 1926-1931-ж.ж. аралыганда жүргүзүлгөн этнографиялык экспедиция учурда уруулардын келип чыгышына байланышкан легендалар, аңыз сөздөр чогултулган. “Генеалогия уламыштар (санжыра) – бул элдик билимдердин бүтүндөй бир областы, аны “элдик этногония”деп атаса болот”, -деп белилейт автор[35,с.28].

*Постсоветтик доордун тарыхнаамасы.* Эгемендүүлүк жылдарында санжыра маселесин изилдөө иштери жанданып, бул тема боюнча профессионал тарыхчылардан сырткары тарыхты сүйүүчүлөр тарабынан да изилдөө иштери жүргүзүлүп, көптөгөн эмгектер жарык көрдү.  Адис тарыхчылардын арасынан санжырага байланышкан иликтөөлөрдү С.Аттокуров, [46], Э.Маанаев, [139,140,141], Т.Жуманалиев [88,89],  Т.Асанов, [42,43.44],  Р. Жолдошев [94,95,96]  сыяктуу белгилүү окумуштуулар жүргүзүшүп келүүдө. Постсоветтик доордогу санжыра темасына кеңири изилдөө жүргүзгөн авторлордун бири - С.Аттокуров.  Ал өз эмгегинде санжыра

жөнүндө түшүнүк, анын жаралышы, санжырачылар, санжыраны этнографиялык тарыхый булак катары кароо, азыркы кыргыз санжырачылары жөнүндөгү маселелерге кенири токтолгон. Оң, сол, ичкилик кыргыздардын келип чыгышына байланышкан санжырага таянып, ар бир канатка кирген майда уруктарды тактоого аракет жасаган. Кыргыз урууларынын тегин изилдешкен В.В.Радлов, В.В.Бартольд, О.Сыдыков, Үсөйүн ажы, Н.А.Аристов сыяктуу изилдөөчүлөрдүн эмгектерине таянып, С.Аттокуров ар бир канатка кирген уруунун, уруктардын генеалогиялык таблицасын түзүүгө жетишкен. Автор өзүнүн эмгегин «кыргыз санжырасынын 1960-жылдарга чейин жетишкендиктеринин кыскача жыйынтыгы катары кароо керек"- деп жазат [46,с.213].

Белгилүү окумуштуу Э.Маанаевдин кыргыз элинин келип чыгышына арналган көлөмдүү 2 илимий-монографиясы [139,140] бар. Автордун акыркы жарыяланган «Этногенез и этническая история кыргызов (новое осмысление проблемы)" аттуу монографиясында кыргыз элинин этникалык тарыхына байланышкан жаны илимий концепцияны сунуштайт. Кыргыз элинин калыптануусунун этаптарын, Кыргызстандын аймагынан сырткары жашап жаткан кыргыздардын тарыхына анализ жүргүзүлөт. Автор көп жылдык илимий изилдөөлөрүнүн негизинде тарыхнаамадагы көз караштарды жалпылап, топтоо менен оң, сол канат жана ичкилик урууларынын генеалогиясын тактап, алардын тектик схемасын сунуштайт. Кыргыз элинин калыптанышын үч доорго: байыркы, орто жана кечки доорго бөлүп караган окумуштуу, элдин калыптануу процессине катышкан уруулардын түзүлүшүн, этнонимдердин келип чыгышына кеңири илимий анализ жүргүзөт [140,с.83-162].

Кыргыз элинин этникалык тарыхы боюнча изилдөө жүргүзүп келе жаткан авторлордун бири А.Мокеев. Автордун калемине оозеки, жазма булактарга негизделип, кыргыз элинин дуалдык системасына терең анализ жүргүзүлгөн илимий эмгектер таандык [154,155,156,157,158]. XV-XVIII кк. Тянь-Шандык кыргыздарда түзүлгөн дуалдык саясий бирикмени автор кытай, перс булактарына таянып, кыргыздардын эки канатка бөлүнүшү – экономикалык жана географиялык факторлордон улам жаралган көрүнүш катары баалайт. Тянь-Шандагы кыргыздардын дуалдык системага бөлүнүшүндө түрк-монгол уруулук компоненттеринин ролун белгилеп, «кыргыз урууларынын оң, сол канатка бөлүнүүсү мамлекеттүүлүктүн спецификалык формасы катары этникалык бирөөгө кызмат кылган» - деп белгилейт [156,с.131].

Санжыра тарыхый булак катары каралып, кыргыз эли жөнүндөгү санжыралык маалыматтар, анын уруулук генеалогиясы боюнча кызыктуу изилдөөлөр окумуштуу Р.Жолдошевге таандык. Алсак, Р.Жолдошевдин «XVIII кылымдагы кыргыздардын уруулук курамы» аттуу илимий макаласында XV-XVI кк. кыргыздардын уруулары Кыргызстандын бардык аймактарын өздөштүрүп, «ээлеген жайыттары боюнча географиялык-саясий принципке

негизделген жаңы этносаясий уюмдарды түзүшкөндүгүн» белгилейт [95,с.269]. XVIIIк. кытай булактарына таянган автор, кыргыздар эки бутака бөлүнүп, «оозеки маалыматтарда «ичкилик», «аркалык», ал эми санжыраларда «адигине», «тагай»- деп аталган этносаясий бирикменин пайда болушун чагылдырат» [96,с.253-269]. - деп жазат. Р.Жолдошевдин санжыралык уламыштардын кыргыз тарыхынын этномаданий проблемаларын чечүүдөгү ролун иликтеп, генеалогиялык уламыштардын маанисине кеңири токтолуп өткөн. Автордун санжыралык тарыхый булактарга берген мүнөздөмөсүнө, санжыранын коомдогу социалдык функциясы жөнүндөгү анкытамасына толук кошулууга болот.

Кыргыздардын социалдык түзүлүшүндөгү уруулук структуралык маселе, санжырадагы мамлекеттик түзүлүш маселелери Т.Асановдун изилдөөлөрүндө орун алган. Кыргыз элинин этносаясий жана социалдык структурасында генеалогиялык уламыштардын ролуна токтолгон автор, кыргыздардын уруулук генеалогиясы изилденген эмгектерге анализ жасоо менен көчмөн кыргыздардагы уруулук бирикмелердин пайда болушу, генеалогиялык-территориялык принципке негизделгендигин баса белгилейт. Ошол эле учурда генеалогиялык принцип шарттуу болгонун көрсөтүп, бирок бардык уруулар бир идеологиянын алдында биригишкен», -деген бүтүмгө келет [44,201б]. Кыргыздардын көчмөн турмушунда санжыранын ролуна токтолгон Т.Асанов санжыраны, түрдүү урууларды дуалдык этносаясий түзүлүшкө бириктирүүдөгү социалдык-саясий жана идеологиялык модель катары баалайт [43,с.276]. Демек, жогорудагы тарыхнаамалык анализден көрүнүп тургандай, кыргыз санжырасын тарыхый булактын бир түрү катары өз алдынча изилдөө зарыл.

**Изилдөөнүн мезгилдик алкагы.** Илимий объектинин оозеки түрдө сакталгандыгы, маалыматтарды берүүдө конкреттүү даталар көрсөтүлбөгөндүктөн, изилдөөнүн хронологиялык чегин аныктоо зарылдыгы жок.

**Диссертациянын темасынын ири илимий долбоорлор, программалар менен байланышы.** Диссертациялык изилдөө демилгелүү болуп саналат.

**Изилдөө объектиси**: оозеки тарыхый булактын бир түрү катары саналган санжыра.

**Изилдөө предмети**: санжырадагы уруулардын генеалогиясы, курамы, этникалык тарыхы.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Диссертациялык эмгектин максаты санжыранын кыргыз тарыхындагы орду, тарыхый булактык маанисине талдоо жүргүзүү. Изилдөөнүн максатына ылайык төмөнкүдөй **милдеттер коюлган**:

- Санжыранын жарылышына анализ жасоо;
- Генеалогиянын идеалогиялык маанисин иликтөө;
- Санжыра булагын сактоочуларга анализ жасоо;

- Санжырадагы мифтик сюжеттерге баа берүү;
- Кыргыз урууларынын генеалогиялык структурасын тактоо;
- Кыргыз урууларынын этногенетикалык байланыштарын изилдөө;
- Ичкиликурууларынын санжырадагы курамына, таралышына анализ берүү.

**Изилдөөнүн булактык базасы.** Санжыраны жалпы эле түрк элдерине таандык, оозеки тарыхый булактардын бир түрү катары кароого болот. Диссертациялык эмгекте перс тилиндеги булактардын орус тилиндеги котормолору пайдаланылды. Тарых илиминдеги башка тарыхый булактардан айырмаланып, санжыра көчмөнчүлүк шартта ооздон-оозго айтылып, муундан-муунга карай уланып келген тарыхый мурастын бир түрү. Ошондуктан түрк (анын ичинде кыргыз) уруулары жөнүндөгү маалыматтар өз учурунда кагаз бетине түшүрүлүп, сакталып да калган. Кыргыз элинин уруулук курамы, структурасы, генеалогиялык уламыштары боюнча маалымат берген тарыхый булактарды тилдик жана сакталуу формасы боюнча бир катар топторго бөлүп кароого болот. *Биринчи топко перс* тилинде жазылган тарыхый булактар кирет. Моңгол доорунан берки мезгил, түрк элдери боюнча уруулардын таралышы перс тилинде жазылган тарыхый чыгармалардын бири болуп *Рашид-ад-Диндин “Сборник летописей” (“Жамы ат-таварих”*) [13] аттуу эмгеги саналат. 1310-1311-жылдары жазылып бүткөн бул эмгек окумуштуу И.П. Петрушевскийдин пикири боюнча “Перс тилинде жазылган өзүнүн мааниси жана аткарылышы боюнча маанилүү эмгектердин бири” [126,с.6]. Рашид-ад-Диндин “Жамы ат-таварих” чыгармасында Борбордук Азияда жашаган түрк элдери боюнча тарыхый даректүү баяндар берилген. Рашид-ад-Диндин эмгегинде Эне-Сайдын жогорку агымындагы Улуу Кем (Большая вода) жана Кемчик (Малая вода)-дарыяларынан куралган Кем-Кемджиут аймагында кыргыздар, наймандар, баргы ж.б. уруулар жашагандыгы белгиленип, Жуучу Кем-Кемджиуттагы кыргыздарды каратып алгандыгы сүрөттөлөт [13,с.123]. Мындан сырткары кыпчактар, карлуктар, уйгурлар башка түрк уруулары боюнча мааламаттарды алууга болот. XIII кылымга таандык болгон аталган эмгекте “Огуз нааме” дастанынын бир варианты да берилген. Демек, кыргыз урууларынын тырыхын изилдөөдө “Жамы ат-таварих” чыгармасын тарыхый булак катары колдонуу маанилүү. Анткени, кыргыз элинин уруулук түзүлүшүндө монгол-түрк компоненттеринин бар экендиги белгилүү.

Перс булактарынын катарына *Мухаммед Хайдар дуглаттын (Мырза Хайдар) 1541-1545-жж. жазылган “Тарих-и-Рашиди”* [10] чыгармасын кошууга болот. Бул чыгармада Моголистан, Чыгыш Түркстан, Жети-Суу, Фергана аймактарында жашаган уруулар боюнча маалыматтар бар. Аталган чыгармадан XIV-XVI кк. Моголистан мамлекетинин уруулук түзүлүшү, алардын коңшулаш элдер менен болгон этникалык байланыштары сүрөттөлөт. “Тарих-и-Рашиди” чыгармасында көрсөтүлгөн кушчу, кереит, кангы, дуулат, карлук, барлас ж.б. уруулар Моголистан мамлекетинин негизги урууларын

түзөрүн белгилейт. Ал эми аталган уруулар кыргыз санжырасы боюнча кыргыз элинин этникалык тарыхында, элдин калыптануу процессинде активдүү катышкан уруулар экендиги белгилүү. Мырза Хайдардын пикири боюнча Тянь-Шандык кыргыздар XVI к. тарта саясий аренага чыга баштап, кыргыздар башка могол урууларынан саясий жана диний жактан өзгөчөлөнүшкөн, моголдордун бир бөлүгү болуп саналат [12,с.178-179].

Түрк элдеринин санжырасы боюнча эмгек жазган авторлордун бири - Хиванын ханы Абулгази Бахадыр хан. Ал 1603-1674- жылдары жашап, түрк элдеринин санжырасы боюнча “Түркмөн санжырасы” жана “Түрк санжырасы” [1,2,] аттуу эки китепти жазган. “Түрк санжырасы”аттуу эмгегинде Адам Ата, Обо Эненин жаралышы, Нух пайгамбар жана анын уулдары Яфес, Сам, Хамден тууралуу жана дүйнө жүзүндөгү элдердин тарылышы боюнча уламыш сүрөттөлөт. Абулгази Бахадыр хандын берген маалыматы боюнча: Яфестен 8 уул калып, анын Түрк аттуу уулу “кулк мүнөзү жакшы , акылдуу келип.... атасы өлгөн соң, ыңгайлуу жер издеп, ага бир жер жагып калат. Ал жер азыр Ысык-Көл” [1,с.39] -деп аталарын белгилейт. Аталган эмгектен түрк элдеринин санжыраларында кеңири колдонулуп, түрдүү варианттары иштелип чыккан Огуз-хан туурасындагы легенда сүрөттөлөт. Огуз хандын дүйнөгө келиши, анын согуштук аракеттери, өз атасы Караханга каршы күрөшү, Туран, Иран, Сирия, Египет өлкөлөрүнө каршы күштөрү баяндалат [1,с.40-48]. Абулгази Бахадыр хандын экинчи китеби болгон “Түрк санжырасы”аттуу эмгегинин түп нускасы 1824, 1906-жылдары Казандан басылып чыккан [2,с.234]. Эмгектен Эне-Сайлык кыргыздар тууралуу маалыматтарды алууга болот.

Кыргыз урууларынын тарыхын чагылдырган тарыхый булактардын бири - бул XVI к. таандык болгон перс тилиндеги Сейф-ад-дин Аксыкенттин “Мажму-атут- Таварих” чыгармасы. XVк.-аягы XVI к. башында жашап өткөн автордун кол жазмасынын 3 нускасы белгилүү. Бир нускасын А.Т. Тагиржанов окуп чыгып, басмага даярдаса [198], окумуштуу В.А. Ромодин кол жазманын бир нускасын таап окуп, Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынынын кол жазмалар фондусуна өткөргөн [11]. Ал эми үчүнчү нускасы болсо Жайлообаев Назармат тарабынан табылып, кол жазмалар фондуна өткөрүлгөн [11]. “Мажму-ат-таварих” чыгармасы жарым тарыхый, жарым легендалуу чыгарма болуп саналат. Тарыхый эмгекте кыпчак, кыргыз легендалары жөнүндө баяндоо менен “Манас” эпосунан бир канча эпизоддор келтирилген. “Мажму-ат-Таварих” боюнча кыргыздар эки чоң канатка бөлүнүп, алардын башында Ак уул, Куу уул тургандыгы, Ак уул менен Куу уулдун келип чыгыш санжырасы баяндалат [148.с.207-208]. Мындан сырткары “Маджму-ат-Таварих” эмгегинде түрк, монгол урууларынын 92 уруусунун аталышы берилген.

Экинчи топко *жергиликтүү тарыхый булактарды* кошууга болот. Жергиликтүү санжыра булактары XIX к.экинчи жарымы - XXк. биринчи жарымында жыйналып, топтолуп, жазылган. Алардын катарына О.Сыдыков, [14,15], Үсөйүн ажы[19],Үмүт молдо[18],Талып молдо[16], Бөөмбаев

Насиридин [5],С.Закиров [6], Эсенкул Төрөкан уулу [20] ж.б. санжырачылардын эмгектери кирет. Аталган авторлордун санжыралары эл оозунан жыйналып, уруулардын жаралышы, генеалогиялык уламыштар, ошо эле учурда айрым тарыхый окуялар чагылдырыган.

О.Сыдыков эмгектеринде кыргыз элинин санжырасын алгачкы ирет системалуу баяндоого аракет жасап, "кыргыз" термининин жаралышы, кыргыз урууларынын аттары (этноним, геноним) аларга байланышкан уламыштар, башка уруулар менен болгон байланыштар, кыргыз урууларынын тарыхы ж.б. сүрөттөлөт. О.Сыдыковдун эмгектерин кыргыз урууларынын тарыхын чагылдырган маанилүү тарыхый булактардын бири кароо керек.

Белгилүү акын Тоголок Молдонун "Тарых, түпкү аталар" аттуу санжырасында кыргыз урууларынын түпкү атасы Ноо пайгамбардан башталаарын белгилеп, уруулардын бөлүнүштөрү, саяк уруулары, чоро менен бугунун, сарыбагыш менен саяктын чатагы, Ормондун өлүмүнө байланышкан эл оозундагы санжыра, уламыштар баяндалат [17,71-140бб]. Тоголок Молдонун айткандарын өз учурунда жазып, кагаз бетине түшүргөн А. Чоробаев болгон.

Үсөйүн ажынын "Кыргыз санжырасы" аттуу эмгеги баалуу тарыхый булактардын катарына кошула алат. Үсөйүн ажы аталган санжыраны жазууда кытай, араб, түрк, уйгур жазма булактарындагы тарыхый материалдарды пайдалангандыгын белгилейт. Ошол эле учурда эл арасындагы Эмшмамбет Абдрахман, Үмүракун ж.б. карыялардын айткан маалыматтарына таянып жазганын ачыктап кеткен [19,140-210бб]. Башка санжырачылардан айырмаланып, Үсөйүн ажы кыргыз этнонимин аныктоодо, кыргыздардын байыркы мекенин тактоодо, уруулардын бөлүнүшүн баяндоодо бир катар көз караштарды келтирип, жазма тарыхый булактарга шилтеме жасап, илимий ыкма колдонууга аракет жасаган.

Улуттук Илимдер Академиясынын кол жазмалар фондунда сакталып турган кол жазмалардын бири Бөөмбаев Насиридиндин кол жазмасы болуп саналат. Кол жазманы Илимдер Академиясына 1990-жылы Насиридин уулу Мукамбет тапшырган [5]. Белгилей кетчү нерсе, белгилүү этнограф С. Абрамзон Кыргызстанга жасалган экспедиция мезгилинде аталган кол жазма менен тааныш болуп, аны пайдаланган. Анткени "Бөөмбаев Насиридин (1937-жылы 46 жашында каза болгон, мугалим, жазуу кол жазмадан алынган) сарыбагыш уруусу, Кемин районунун Кароол-Дөбө айылында жашаган деген маалымат жазылган [202,с.93]. Насиридин Бөөмбаевдин башка санжырачылардан айырмасы - кесиби мугалим, 1930-жылдан баштап мектепте сабак берген, тарыхка кызыгып, эл оозунан санжыра жыйнаган. Анын санжырасынан XIX кылымда түндүк аймакта жашаган уруулар, өзгөчө Ормон хандын мезгилиндеги уруулардын арасындагы өз ара мемилелер, кыргыз-калмак мамилелерине байланышкан маалыматтарды алууга болот.

**Изилдөөнүн методологиялык негиздери жана изилдөө ыкмалары.** Изилдөөнүн методологиялык негизин илимий объективдүүлүк, тарыхый, социалдык принциптер түздү. Илимий изилдөөнүн объектисине жараша тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-генетикалык, хронологиялык, проблемалык-хронологиялык методдор колдонулду

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.**

- постсоветтик доордогу Кыргызстан тарыхнаамасында санжыранын кыргыз тарыхындагы орду, тарыхый булактык мааниси изилдөөгө алынды;
- оозеки тарыхый булактын бир түрү болгон санжыранын идеологиялык маанисин, функциясын тактоого аракет жасалды;
- санжыра материалдарынын негизинде кыргыз урууларынын генеалогиялык структурасын түзүүгө аракет жасалды

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.** Бул эмгек кыргыз элинин генеалогиялык уламышы болгон санжыра жөнүндө илимий көз карашты кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө шарт түзөт. Изилдөөнүн натыйжасында алынган жыйынтыктар көчмөн эностордун ортосундагы көптөгөн этногенетикалык жана этномаданий тыгыз байланыштарды жана фактыларды ачып берүүнү өбөлгөлөйт. Негизги жоболор, фактылык маалыматтар жана жыйынтыктар Ата мекен тарыхы боюнча жалпылоочу илимий-теориялык эмгектерди жазууда, окуу-педагогикалык процессте колдонулушу мүмкүн.

**Коргоого коюлуучу жоболор:**

- Элдик оозеки чыгармалар кыргыз элинин калыптанышынын, анын маданиятынын жана турмуш-тиричилигинин көп жактарын камтып турат. Бирок, фольклордо тарыхтын өзү түздөн-түз чагылдырылбастан, элдин тарых жөнүндөгү түшүнүгү чагылдырылат. Бул жагдай элдин тарыхын изилдөөдө оозеки чыгармаларды материал катары пайдаланууда белгилүү бир деңгээлде кыйынчылыкты пайда кылат.
- Санжыраны түзүү (генеалогиялык уламыш) көптөгөн көчмөн элдердин бир тобуна тиешелүү жана ал байыркы доорго барып такалат. Санжыра - кыргыз элинин келип чыгышы, тарыхы, аймактык жайгашуусу жана анын курамына кирген түрдүү этникалык компоненттердин маданияты жөнүндөгү баалуу маалыматтарды өз ичине алган уникалдуу булак.
- Башка элдик үрп-адаттарга окшоп эле санжыра дагы салттык коомдордо институционалдык мааниге ээ болгон. Баарыдан мурда ал жашап жаткан элдердин коомунун түзүлүшүн, алардын социалдык өз ара байланыштарынын системасын түшүндүргөн. Негизинен, ал көчмөн коомдун бүт турмушун соционормативдик жөнгө салуучу күч болуп саналган.
- Санжырада кыргыз урууларынын тарыхы белгилүү бир деңгээлде көркөм түрдө чагылдырылат. Көптөгөн генеалогиялык уламыштарда документалдуулук көркөмдүк менен, факт ойдон чыгарылган материалдар менен айкалышып

кетет. Ошондуктан ал тарыхый булактын өзгөчө түрү болуп саналат жана аны түшүндүрүүдө ага шайкеш келүүчү ыкмаларды колдонуу зарыл.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо**. Диссертациянын темасы боюнча ата мекендик жана чет элдик басылмаларда 15 макала жарык көргөн.

**Иштин түзүлүшү**. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**“Санжыранын тарыхый булактык мааниси”** деп аталган бап түрк элдериндеги санжыранын жаралышына, генеалогиялык идеологиянын маанисине жана санжыра булагын сактоочуларга анализ жүргүзүүгө арналган. Көчмөн элдердин оозеки тарыхый салтында адам баласынын келип чыгышы, дүйнөнүн жаралышы, уруунун куралышы сыяктуу тарыхый билимдер кылымдар бою топтолуп муундан-муунга өтүп келген. Көчмөндөрдөгү тарыхый билим оозеки түрдө жашоо менен уруулардын коллективдүү эс-тутумунда гана сакталып келбестен, мифтик мүнөзгө айланып коңшулаш элдерге трансформацияланып турган. Маселен, Огуз хан туурасындагы маалыматтар Рашид-ад-Диндин, Абул Гази Бахадур хандын, кытай булактарына негизделген И. Бичуриндин эмгектеринде кездешет. Огуз хан туурасындагы аңыз кепти Талып Молдонун санжырасынан да кездештирүүгө болот.

Түрк элдериндеги оозеки булактын бир формасы катары каралган санжыранын жаралышы, аталышы боюнча бир катар илимий көз караштар бар. Санжыра түшүнүгү арабча түшүнүк болуп саналат. С. Аттокуровдун пикиринде «санжыра урук, уруу, эл жөнүндөгү оозеки чыгарма катары, алардын тарыхын жазууда көмөкчү дарек» [46,8б]. Казактарда шежире деп аталып, М.С. Мукановдун пикиринде шежире (араб дарагы) генеалогиялык дүмүр, дарак түшүнүгүн билдирет [161,с.6]. Шежире этимологиясына кайрылган К. Сактараулы «шежире» эки сөздөн турат: «шеш», «ире» элдин генеалогиялык түйүнүн чечүү маанисин билдирет»- деп белгилейт [189,с.147]. Х.Н.Барановдун пикиринде «шежире» араб сөзүндөгү «шаджарат» - «дарак» түшүнүгү катары кеңири колдонулат [54,с.149]. Түрк элдеринин көпчүлүгүндө болсо, «нассабнама»түшүнүгү колдонулуп, ал «генеалогия», «уруулук дарак» маанисин түшүндүрөт. «Нассабнама» - араб-перс сөздөрүнөн келген түшүнүк. Казак тилинде болсо «нассабнама» түшүнүгү ата-тек маанисин түшүндүрүп, генеалогиялык дарак, «уруулук түзүлүш» түшүнүгү катары колдонулуп келет [189,с.150]. Аталган түшүнүк араб тилинде деле «генеалогия», «санжыра», «шаджарат», «дарак» маанисинде колдонулуп, «силсилат» - «чынжыр», «түйүн», «катар» дегенди түшүндүрөт. Демек «шаджарат» жана «шежире» эки

башка тилде айтылган бир эле түшүнүктү берген лексикалык көрүнүш. Кыргыз тилинде болсо, санжыра сөзү арабдардын «шаджара» түшүнүгүнөн улам кыргыз тилинде «дарак» деген мааниде колдонулуп, «эл, уруу, урук тууралуу оозеки баяндоо» маанисинде колдонулуп келе жатат. Түрк көчмөн элдеринин коомдук турмушунда санжыра уруунун генеалогиялык түзүлүшүн аныктап, ата-тегин сүрүштүрүп келген оозеки тарыхый булактын бир түрү катары генеалогиялык миф, легендалар жаралган. Санжыранын салтында коомдогу уруу, уруу башчылары, топтор,эл башчылары жөнүндө баяндалып,социалдык иерархиялык түзүлүштү белгилеп көрсөтүүгө аракет жасалган.

Санжыра кандайдыр бир деңгээлде идеологиялык максатты ишке ашыруу үчүн кызмат өтөп келген. Ч.Валиханов: «Уруунун башка уруулардын алдындагы «обочолонгондугун, «тектүүлүгүн», «улуулугун» генеалогиялык мааниде түшүндүрүүдө санжыра өзүнүн идеологиялык функциясын аткарып келген»,- деп эскерген. Кыргыз элинин эзелтен калган түшүнүгүндө «тектүү эл» «теги таза», «каны таза» деген түшүнүктөр жашап келет. Мындай уруунун өкүлдөрүнүн коомдо ээлеген орду аш-тойлордо, салттуу майрамдарда эл арасында бааланып, «тектүү уруктун» өкүлдөрүнө карата болгон мамиле да өзгөчө болгон. Санжырада уруунун тектүүлүгүн аныктоого аракет жасалган бир катар генеалогиялык уламыштар кездешет. Маселен кыргыз, казак санжыраларында уруулардын ата-тегин Огуз хан менен байланыштырган уламыштар бар. Алсак, кыргыз санжырачылары Тоголок Молдо, Н.Бөөмбаевдин санжырасында кыргыз урууларынын келип чыгышын тереңдетип, улуулатып Огуз хан менен байланыштырат. Алсак, Н.Бөөмбаевдин санжырасы боюнча Ак уул жана Куу уулдун атасы Долон бий, Долон бийдин түпкү теги Огуз-ханга барып такалат [5,479]. Тоголок Молдо: «Долон бий өзү акылдуу, кең пейил адам болгон»,- деп сүрөттөйт [17,80]. Казак санжырасында да Жүздөрдүн тегин Огуз хан менен байланыштырган уламыштар кездешет. Ошол эле учурда, казак санжырасында тарыхый хронологиялык жактан туура келбегендигине карабастан, Жүздөрдүн түпкү ата-тегин ислам динин негиздөөчү Мухаммед пайгамбардын шакирти Алнас менен байланыштырууга аракет жасалат. Демек, генеалогиялык уламыштар уруу башчыларынын социалдык абалын өзгөчөлөнтүп, тегин тереңдетип көрсөтүүгө аракет жасап, тийиштүү социалдык функцияны аткарып келген.

Түрк элдеринде кездешкен генеалогиялык уламыштардын түпкү өзөгү монгол уламыштары менен тыгыз байланыштуу экендигин байкоого болот. Генеалогиялык идеология монгол доорунан тарта бийликти легитимдештирүү салтында да колдонулуп келген. Маселен, мунун далили катары XVIII к. Фергана өрөөнүндөгү отурукташкан жана көчмөн элдерде кеңири тараган Кокон хандарынын ата-тегине байланышкан, саясий мүнөздөгү «Алтын Бешик» легендасын атоого болот. Хандык бийликти легитимдештирүүдө миң династиясына байланышкан “Алтын Бешик” жөнүндөгү легенда, андагы башкы фигуралар Чынгыз хан, Амир Тимур тууралуу тектик мифология

башкы ролду ойногон. «Алтын Бешик» легендасын Кокон хандыгындагы бийликти легитимдештирүү үчүн түзүлгөн, генеалогиялык идеологияны ишке ашырууга багытталган санжыралык уламыш катары кароо керек. Демек, оздон оозго айтылып, көчмөндөрдөгү көп жылдык тарыхый окуяларды камтыган, уруулардын ата-тегин чагылдырууга багытталган санжыра ар бир доордун талабына жараша социалдык милдетти аткарып келген.

**"Санжырадагы тарыхый чындык"** деп аталган экинчи бапта санжырадагы тарыхый жана мифтик сюжеттерди айырмалоого аракет жасалат. Илимде миф түшүнүгү эки учурда колдонулуп келүүдө. А.Ф.Лосевдин пикиринде, биринчи учурда миф - бул байыркы мезгилдеги элдин баатырлары, кудайлар, жаратылыштын кубулуштары тууралуу айтылган элдик баян, экинчи учурда миф – бул аныкталбаган баян, ойлонулган тарых [131,с.99]. Миф түшүнүгүнүн кыргызча мааниси "аңыз", "уламыш", "болмуш", "баян" деген маанилерди берет. Байыркы бабалар ой-санаасын, мамилесин жана жашоо-тиричилигин керемет (символ), тариз (образ) аркылуу түшүндүргөн. Аларга бардык нерсе таза жана ыйык көрүнгөн. Аңыз кепте бабаларыбыз Ай, Күн, Жылдыз, Нур, башка жаратылыштын күчтөрү тууралуу ой-жүгүртүп, дүйнө таанымы жаралса керек. Адам баласынын тажрыйбасы, салттык билими, дүйнө таанымы өскөн сайын аңыздык түшүнүктөр тереңдеп, сюжеттик маани-мазмуну да өсүп олтурган.

Оозеки салттагы мифтик сюжеттер формасы, мазмуну боюнча кайсыл бир тарыхый доорлорго туура келип, окуялардын убакатысын жана алардын иретин көрсөтө алат. Кыргыз мифтерин маузмуну жагынан 1)сыйынуу жөнүндөгү рухий мифтер; 2)ааламдын, заттардын жаралышы жөнүндөгү мифтер; 3) табияттан сырткаркы сыйкырдуу күчтөр жөнүндөгү мифтер; 4) тотемдик мифтер -деп бөлүп кароого болот [171,274б]. Мусулмандык диний мифтерге болсо адам баласынын жаралышы боюнча айтылып жүргөн Адам ата, Обо энеге байланыштуу мифтерди кошууга болот. Алсак, кыргыз санжырасы өз башталышын мифтик Адам ата менен Обо энеге байланыштырып, ирети менен раса, эл жана кээ бир уруулардын таралышын камтыган. Адам атадан Ноо (Нух) пайгамбар, андан Хам, Сам, Жапас (Яфас), Жапастын кийинки тукумунан Түрк, кыргыздар - анын уулдарынын бири (кээ бир санжырада 8-мууну) Өгүз (Огуз, Угуз, Ууз) хандан тарайт деп баяндалат. Мындай мазмундагы мифтик сюжеттер кыргыз санжырачылары Үсөйүн ажы, Н.Бөөмбаевдин эмгектеринде берилет. Адам ата, Обо энеге, Өгүз ханга байланышкан мифтик сюжеттердин өзөгү Рашид ад-Дин, Абул Гази Бахадур хандын эмгегинен бери уланып келе жаткан көрүнүш. Кыргыз мифтеринин сюжеттеринде Аалам, жер, суу, жаныбарлар дүйнөсү жана алардын этимологиясы жөнүндө көркөм баяндар бар. Маселен, кыргыз мифтеринде "Топон суу", "Жердин каймакташы" сыяктуу мифтер кездешет. "Жер алгачында кичинекей көлкүлдөк зат болуп жаралыптыр. Ал улам каймактаган сайын чоңоюп, жумурткадай, тайдын туягындай, андан ары чоңоё берген экен. Жердин уюшу, каймактап чоңоюшу менен жер

жарылып, ааламдын бир алкагында туруп калыптыр”- десе, “Жараткандын каары менен жер бетин бүт “топон суу” каптап кетип, ”топон суу” оюп аккан жерлер , капчыгай болуп жаралыптыр да, арсайган тоолор сүрүлүп чыгыптыр” [171,281,286бб] - деген мазмундагы мифтер айтылып жүрөт.

Мифтик сюжеттердеги кеңири тараган түшүнүктөрдүн бири - тотемдик мифтер. Мифтик тотемдерге Бугу эне, Бөрү, Байтерек тууралуу баяндарды кошсок болот. “Бугу эне, Мүйүздүү эне” деген мифтик баян кыргыз элинде байыртан эле айтылып келет. Өзгөчө ата-бабалардын келип чыгышы жөнүндөгү тотемдик образ ушул күнгө чейин сакталып калган. Мисалы, кыргыз элинин бугу уруусунун өкүлдөрү өздөрүн мүйүздүү Бугу эненин урпактары катары санашса, ал эми бир катар уруулар – багыш, карабагыш, чоңбагыш, сарбагыш сыяктуулар келип чыгышын эликтин тотеми менен байланыштырышат [35,с.774]. Эл арасында Бугу эне жөнүндөгү мифтин бир нече варианттары бар. Кыргыздардын элдик оозеки чыгармачылыгындагы кеңири тараган мифтердин түрү - бул сыйынууга багытталган мифтер. Байыртан бери эле кыргыздарда отко сыйынуу, токойго, ташка, Жаратканга (Көк Теңири), Умай энеге сыйынган рухий мифтер бар. Дүйнөдөгү бардык жансыз жана жандуу нерселер жанга ээ болушат жана өздөрүнүн колдоочулары бар деген түшүнүк байыркы анимисттик көз караштын өзөгүн түзөт. Натыйжада түрдүү нерселердин пирлери, колдоочулары жаратылган. Аларга сөздөрдүн магиялык касиети таасир берет. Мисалы, Теңир – бул жалпы адамзаттын кудайы жана колдоочусу. Кыдыр (Кызыр) бакыттын, Умай эне - балдардын, Улукман - табыптардын, Шаймерден – баатырлардын, жигиттердин, Баба дыйкан – дыйкандардын колдоочулары болушкан. Байыркылардын ой жүгүртүүсү боюнча, эгерде алардын ар бирине магиялык сөздөрдү колдонуу аркылуу жардам сурап кайрылчу болсо, анда сөзсүз түрдө ийгилик келет.

Ч.Валихановдун пикиринде, «Манас» эпосу кыргыз элинин бардык мифтерин, жомокторун, уламыштарын өзүнө камтыган, аны баатыр Манас аркылуу туюнткан энциклопедиялык топтом болуп саналат. Демек, санжырадагы мифтик сюжеттерде азыркы кездеги адабий жанрлардын бардык түрлөрүн кездештирүүгө болот, алардын айрымдары качанкы бир мезгилдеги окуяларды чагылдырса, айрымдары көркөм образ аркылуу адам баласынын ой-сезимин чагылдарган. Айрым тарыхый окуялар мифтик, легендалык сюжетте берилген. Тарыхта дайыма миф жаралып келген, анткени чындык-калп, факт-жалган категорияларынын ортосунда дайыма карама-каршылык болуп келген.

Санжырадагы маанилүү маалыматтардын бири – бул кыргыз элинин жаралышына байланышкан баяндамалар. Кыргыз элинин этникалык тарыхын, жаралышын изилдешкен окумуштуулардын көпчүлүгү өз учурунда санжыра булактарына таянышып, илимий пикирлерди жаратууга аракет жасашкан. Кандайдыр бир белгилүү даталар сүрөттөлбөгөндүгү менен, санжыра булактарынан элдин этникалык тарыхына байланышкан материалдарды кездештирүүгө болот.

**“Кыргыз урууларынын санжыра булактарындагы генеалогиялык структурасы”** аттуу үчүнчү бапта оң, сол, жана ичкилик урууларынын структурасына, алардын башка уруулар менен болгон этногенетикалык байланыштарына анализ жүргүзүлөт. Мындан сырткары түштүк-батыш урууларынын санжырадагы курамы, таралышы изилденет. Кыргыз санжыраларындагы негизги өзөктүү маселе - бул уруулардын тегин аныктоо, тактоо. Кыргыздардын уруулук курамы боюнча маалымат «Маджму ат-таварих” чыгармасынан тарта белгилүү боло баштаган. Чыгармада кыргыз эли оң жана сол болуп эки канатка бөлүнөөрү белгиленет. Оңго: Адыгине, Тагай, Бердике, Муңгуш, Моңолдор, Курмушу,Черик, Чоңбагыш, Нойгут, Найман; Солго: Саруу, Кытай, Мундус, Кушчу, Төбөй, Басыз, Каңгы, Тейит, Сатикей, Ичкилик уруулары кирген [12,43-б]. Кыргыз урууларынын бөлүнүшүнө Үсөйүн ажы, Талып молдо, А.Сыдыков, Н.Бөөмбаев, О.Сыдыков, Үмүт молдо ж.б. белгилүү санжыра жыйноочулар токтолуп кетишкен. Кыргыздардын генеалогиялык структурасына кайрылган С.Амрамзон оң канатка кирген Тянь-Шандык кыргыздар: тагай, адигине, жана мунгуш тараган үч бутактан турат. Биринчи бутака: сары багыш, бугу, солто, тынымсейит, саяк, чекирсаяк, жедигер, черик, азык, багыш, моңолдор, баарын, суумуруидар кирет. Адигине бутагына жору, бөрү, баргы, карабагыш, сарттарды кошкон. Ал эми муңгуш эки бөлүктөн: жагалмай и коштамгадан турушуп, алар да өз кезегинде бир канча уруктарга бөлүнөөрүн белгилеп кеткен [33,с.109].

Санжыра жана жазма булактар тастыктап тургандай, кыргыз элинин уруулук бөлүнүүсү генеалогиялык-туугандык жана иерархиялык жактан так бөлүнгөн. Ч.Ч. Валиханов тарабынан топтолуп жазылган Сейф-ад-дин Аксыкентинин кол жазмасындагы маалыматтар С.М. Абрамзон тарабынан түзүлгөн кыргыз урууларынын курамынын схемасы менен дал келет. Демек, кыргыздардын уруулук бөлүнүшү, алардын генеалогиялык курамы бир канча кылымдар бою туруктуу өнүккөндүгү жөнүндө кабар берет.

Кыргыз урууларынын башка түрк уруулары менен болгон этногенетикалык байланыштары оозеки жана тарыхый булактарда кеңири сүрөттөлөт. Өзгөчө казак уруулары менен болгон байланыштары санжыра булактарынан көбүрөөк кезигет. И.Молдобаевдин пикири боюнча: кыпчак, коңгурат, жедигер, катаган, дулат өңдүү уруулар жана ногой, алчын, сары, сары уйшун, абак, таздар(таз)Э ит эмген, агынай, балыкчы, кызыл, курт ж.б. аталыштагы уруктар кыргыз, казак элдеринде тең кездешет [159,с.134]. Казактардын Улуу Жүзүнүн 11 уруусунун арасында сары уйсун деген аталыштагы урук кездешет. Я.Р.Винниковдун маалыматы боюнча ичкиликтердин арасында кесек уруусунун сары уйсун уругу бар экендиги далилденет.

Түштүк-батыш аймакта жашаган ичкилик урууларынын курамы, таралышы тууралуу маселе Н.А.Аристов, А.Сыдыков, Үсөйүн ажы, Я.Р.Винников, С.Аттокуров, Турдубай Умар уулу, Сапарбай Жаңыбай уулу

өңдүү санжырачы, изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде кеңири берилген. Өз учуруда Н.А.Аристов ичкиликтерди кыргыз урууларына  тиешеси жок бөтөн уруу катары караган. Автордун пикиринде “ичкиликтер ар тараптан көчүп келишкен, бирок өздөрүн  уруулук аттары сакталбаган уруулар катары караган”[39,с 440]. Бирок,  ичкилик маселесин изилдешкен окумуштуулардын пикиринде ичкиликтердин курамына “көчүп келгендер” гана эмес, байыртадан бери Памир-Алай аймактарында жашаган жергиликтүү уруулардын эсебинен куралгандыгын белгилешет. А.Сыдыков ичкилик урууларынын жашаган аймактарына токтолуп, алар: Ош округунун Араван, Куршаб, Ноокат, Ичкилик, Нойгут-Кыпчак, Лейлек, Найман, Жоо-Кесек-Бостон, Жалал-Абад, Чанкент, Аим болуштуктарында жайгашкандыгын белгилеп өткөн [13,с.274]. Бул аймактар азыркы административтик-территориялык бөлүнүү боюнча Ош, Баткен областарына караштуу аймактар.

Ичкиликтердин курамындагы эң чоң уруулардын бири - бул тейит уруусу. Санжыра булактарында ал уруунун эң көрүнүктүү инсаны Айтемир баатыр болгондугу айтылат.

## КОРУТУНДУ

Салттуу коомдогу оозеки тарыхый салттын бир түрү катары жаралып, ооздон-оозго, муундан-муунга берилип, элдин эс-тутумунда уланып келген санжыраны тарыхый булактын бир түрү катары кароо зарыл. Санжыраны оозеки тарыхый булактын түрү катары колдонууда андагы баяндалган тарыхый окуяларга, маалыматтарга шектүүлүк менен мамиле жасоо талап кылынат. Анткени эстутумда сакталып келген маалыматтар, аны сактоочулардын субьективдүү көз карашына, жаш курагына гана байланыштуу болбостон, уруу башчысынын, айрым топтун кызыкчылыгына жараша баштапкы  маалыматтар өзгөрүп, кошумчаланып, айрым учурда бурмаланууга да дуушар болгон. Санжыраны тарыхый булак катары колдонууда тийиштүү  илимий тарыхый методдорду колдонуу талап кылынат. Тарыхый методдордун ичинен өзгөчө тарыхый–салыштырма, хроникалык, тарыхый-генетикалык методдорду колдонуу менен санжыра материалдарын тарыхый булак катары пайдаланууга болот.

Көпчүлүк санжары булактарында хронологиялык түшүнүктөрдүн жоктугуна карабастан, андагы  тарыхый сюжеттер, этнонимдер, географиялык аталыштар ж.б.көрүнүштөр маанилүү булак болуп эсептелет. Демек, жалпы эле түрк элдериндеги оозеки булактын бул түрүн кылымдар бою муундан муунга өтүп, көчмөн элдин мурасын сактап,  топтогон келген “талаа тарыхнаамасы” деп атоого болот. Бул тууралуу окумуштуу В.П. Юдиндин көз карашы колдоого арзырлык. Санжыраны  илимий булак катары колдонууда ага карата болгон тарыхый сын, шектүүлүк маанилүү ролду ээлейт.

Санжыра кыргыз элине гана тиешелүү көрүнүш эмес экендигин белгилеп өттүк. Коомдук өнүгүүнүн белгилүү бир баскычында, тагыраак айтканда,

патриархалдык түзүлүштүн бузулуш жана таптык мамилелердин калыптануу учурунда генеалогияны түзүү көрүнүшү көптөгөн элдерде болгон. Түрк элдериндеги санжыра уламыштары, аңыз кептер (миф), жомоктор, ж.б. оозеки түрдө айтылып келген элдик мурастардын ортосунда генетикалык байланыштар жатат. Ал байланыштар түрк элдеринин түпкү ата-теги тектеш, бир бутактан жаралган эл экендигинин далили. Санжыранын тарыхый булактык маанисинин өзгөчөлүгү да мына ушунда.

Евразиянын алгачкы тарыхы жөнүндөгү маалыматты өздөрүнүн келип чыгуусу боюнча түрк уламыштарында берет. Санжыра түзүүчүлөр тарыхый булак катары Рашид-ад-Диндин чыгармасынан тарта, Абул Гази Бахадур хандын, Сейф-ад-Дин Аксыкенттин чыгармаларын булак катары колдонуп, андагы мифтик сюжеттер, түрк элдеринин жаралышына байланышкан генеалогиялык уламыштардын бир канча варианттарын түзүп келишкен. Түрк элдеринин ичинен өзгөчө казактар, кыргыздар, башкырлар, түркмөндөр ж.б. көчмөн мал-чарбачылык менен күн көргөн элдерде генеалогиялык тарыхты – санжыраны түзүү бирдей окшоштуктарга ээ. Түрк элдеринин байыркы мезгилден бери келе жаткан тарыхынын бул эстелиги, мурасы “санжыра” сөзүнүн түрдүүчө аталганы менен, алардын маани-маңызы бирдей.

Уруунун, уруктун жана жада калса бир элдин толук генеалогиясын билген адамдар – санжырачылар, эл арасында кадыр-барктуу, сыйлуу болуп, аларга карата мамиле да өзгөчө болгон. Уруулардын туугандык байланыштарын аныктоо, тегин тактоодо алардын теги менен байланышкан генеалогиялык уламыштарды жаратышкан. Уруунун, жеке инсандардын саясий кызыкчылыгынан улам санжыра кандайдыр бир дээңгээлде идеологиялык максатка да кызмат кылып келген.

Санжырада айтылган генеалогиялык уламыштардын негизинде XVII–XVIII кылымдардагы кыргыздардын көчмөн жашоосунун айрым окуялары жөнүндө, кыргыз урууларынын жайгашуусу, коңшу элдер менен байланыштары, тышкы душмандар менен согуштары, уруулар аралык кагылышуулары жөнүндө маалыматтарды алса болот. Кыргыз элинин турмушунда болсо санжыранын негизги функциясы - үйлөнүү же кудалашуу учурларында, туугандык байланыштарын териштирүүдө, жалпы душманга каршы биригүүдө, уруу башчысын тегин аныктоодо чоң роль ойногон.

Санжырадагы сакталып калган генеалогиялык уламыштар, аңыз кептер белгилүү бир коомдо бийликти легитимдештирүү, мураскер калтыруу маселесинде, уруунун, уруктун, айрым инсандын ата-тегин аныктоодо идеололгиялык инструмент катары кызмат кылган. Буга мисал катары санжыра булактарындагы Огуз хан, Нух пайгамбар, Алан-Гоа, Чыңгыз- хан, Аксак Тимур сыяктуу инсандарга байланышкан мифтерди атоого болот.

Миф жана тарыхый уламыштар коңшулаш элдерден келген көрүнүш катары жазуу булактарында сакталып калгандыктан, көп жылдардан кийин көчмөн элдерге маалым боло баштаган. Өткөн тарых санжырада миф катары

сүрөттөлүп келген. Миф оозеки салттын түшүндүрүү конструкциясынын калыптанышына көмөк көрсөтүп, андан кийин ойдун рационалдуулугу жаралган. Миф таанып-билүүнүн бир формасы катарында легендалык сюжеттерди жаратуу, оңдоп-түзөө, актуалдаштыруу менен катар тарыхый материалдарды трансформациялоо менен да өзүнүн социалдык функциясын аткарып келген. Мифтик сюжеттерде тарыхый инсандардын үлгүлүү сапаты, ыйык образы жаратылган. Демек, мифтен оозеки салттын тарыхындагы инсандаштыруу механизмин көрүүгө болот. Албетте, миф жана анын элементтери оозеки салттын өнүгүшүнө салым кошкон. Баалуу, ыйык тарыхты түзүүгө аракет жасалган. Ошондуктан санжырада көптөгөн мифтер кездешет.

Кыргыз санжыраларындагы сүрөттөлгөн негизги маселе - бул кыргыз урууларынын генеалогиялык структурасы. Кыргыздардын уруулук структурасы татаал иерархиялык түзүлүштөрдөн, таксономиялык катмарлардан турат. Кыргыздардын оң, сол канатка жана ичкилик урууларына бөлүнүшү жөнүндөгү маалыматтар XVIк. баштап эле белгилүү. Сейф-ад-Дин Аксыкенттин “Маджму-ат-таварих” чыгармасындагы кыргыздардын урууларга, уруктарга бөлүнүүсү, алардын курамы XIX к. аягы - XXк. башындагы санжыра булактарындагы материалдар менен дал келет.

Санжыранын матриалдары генеалогия жөнүндөгү маалыматтарды аңгеме, схема түрүндө чагылдырып, кыргыздардагы, кыргыз урууларындагы жана уруктарындагы, субэтникалык топторундагы туугандык байланыштардын мүнөздөрү, элдин көрүнүктүү тарыхый инсандары жөнүндө кабар берет. Кыргыз генеалогиялык салтынын айырмачылыгынын негизи болуп, муундарды жана туугандарды жыл санагы, эркектин тукуму аркылуу эсептегендигинде турат. Бирок изилдөө көрсөткөндөй, генеалогиялык уламыштар боюнча аялдардын ишмердүүлүгү жөнүндөгү маалыматтар да кездешет. Негизинен, санжырадагы маалыматтар адамдын, уруулук бирикмелердин, коомдун (этникалык топтордун, уруктардын) келип чыгуусу, саясий бийликтин маңызы (каган, хан, султан), диний элиталар (кожо, сопу, бакшы) жана элдик элиталар (бий, баатыр, аксакалдар), салттар (сыйынуу, ишеним, дин, каада-салт, диний бирикмелер) жөнүндөгү баяндарды, кабарларды камтыйт. Алар бизге тарыхый аң-сезимдин салттык формаларын, түрдүү доорлордогу тарыхый окуялар тууралуу үзүндүлөрдү жеткирет. Санжыранын маалыматтары белгилүү бир деңгээлде субъективдүү мүнөзгө ээ. Анткени биз маселеге автордун көзү менен карап, анын окуяларды жана фактыларды түшүндүрүүсүндөгү жеке ою менен эсептешүүгө мажбур болобуз.

Кандай гана эл болбосун, анын этникалык тарыхы, проблемасы татаал жана көп кырдуу, элдердин этникалык тарыхын ар тараптуу так ачып берүү чоң мааниге ээ, себеби этностордун келип чыгуу тарыхынын мааниси адамдардын тарыхый аң-сезиминин өнүгъшүндө чоң роль ойнойт жана улуттук мамилелердин мүнөзүнө кескин түрдө таасир берет, маданияттын салттык мүнөздөрүн сактоого мүмкүндүк түзөт. Ал өткөн мезгил жөнүндө чындыкты

аныктоого, азыркыны окуп-үйрөнүүдө туура жыйынтыктарды чыгарууга, андан сырткары, келечекти көрө билүүгө өбөлгө түзөт.

Демек, кыргыз элинин келип чыгышын изилдөөдө санжыранын ролу өтө зор. Кыргыздардын уруулук курамы жөнүндө маалыматтар, алардын материалдык маданиятынын, каада-салтынын, тилинин өзгөчөлүктөрү – ушулардын баары элдин этникалык бөтөнчөлүктөрү болуп саналат. Ал материалдар кыргыздардын тарыхынын белгилүү бир этабын калыбына келтирүүгө, анын ичинде этностун пайда болуу өзгөчөлүгүн, анын этногенезиндеги компоненттерди аныктоого мүмкүндүк берет.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

1. Тарых илиминин бир тармагы катары генеалогия илимин өнүктүрүү, тиешелүү илимий иштерди жүргүзүү зарыл.

2. Оозеки салттын бир формасы катары өнүгүп келген санжыраны кеңири изилдөөнү өркүндөтүү, анын илимий негизин бекемдөө максатында “Санжырана илимий-изилдөө борборлорун” ачуу сунушталат.

3. Санжыранын элдин тарыхындагы, калыптануусундагы ролун өсүп келе жаткан муунга жакындан таанытуу максатында санжыралар жыйнактарын басып чыгаруу керек жана жалпы билим берүүчү орто мектептердин “Кыргызстан тарыхы” курсуна, “Адеп сабагына” атайын тема катары киргизүү зарыл.

## Изилдөөнүн негизги мазмуну менен жоболору автордун төмөнкү эмгектеринде жарыяланган:

**1. Ураимов Ш.** Айтемир баатыр. Санжыра, анын тарыхый чындык менен байланышы. [Текст]: /Ураимов Ш. // Кыргызстандын түштүк-батыш регионунун илимий-гуманитардык актуалдуу маселелери. Республикалык илимий-теориялык конференциянын материалдары. -Ош, 2005. -1-чыг. -55–58-бб.

**2. Ураимов Ш.** Санжыра кыргыз элинин тарыхын изилдөө процессинде кошумча оозеки булак катары. [Текст]: /Ураимов Ш. // Наука и новые технологии. -Бишкек, №9. -2011.- С.255–259

**3. Ураимов Ш.** Илимий изилдөөлөрдүн тактыгы жана чогоро куруусу жөнүндө [Текст]: /Ураимов Ш. // Эл агартуу. -Бишкек, №9. -2011, 80–81-бб.

**4. Ураимов Ш.** Кыргыз элинин тарыхын окуп-үйрөнүүдө элдик оозеки чыгармачылыктын ролу [Текст]: /Ураимов Ш.// Наука и новые технологии. -Бишкек, №10.-2011.-С.123–127

**5. Ураимов Ш.** Санжыранын келип чыгышы жана анын кыргыз элинин турмушундагы ролу [Текст]: /Ураимов Ш.// Наука и новые технологии. -Бишкек, №10. -2011.-С. 135–140

**6. Ураимов Ш.** Ичкилик кыргыздардын кээ бир этнографиялык жана тилдик өзөчөлүктөрү[Текст]: /Ураимов Ш.// Эл агартуу.-Бишкек, 2011, № 9-10- 76-79-бб

7. **Ураимов Ш. Топчуев А.** Илимий изилдөөнүн тактыгы жана чогорок уруусу жөнүндө/Ураимов Ш, Топчуев А. // Эл агартуу.-Бишкек, 2011, № 9-10- 80-82-бб

**8. Ураимов Ш.** Санжырадагы тарыхый окуялар жана тарыхый инсандар жөнүндөгү маалыматтар [Текст]: /Ураимов Ш.// Известия ВУЗов, -Бишкек, №7.-2012.-С. 264–267

**9. Ураимов Ш.** Санжыра илимий изилдөөнүн объектиси катары [Текст]: /Ураимов Ш.// Известия ВУЗов. -Бишкек, №7. -2012. - С. 256–260

**10. Ураимов Ш.** Кыргыз элинин этникалык тарыхын окуп үйрөнүүдө санжыранын булак катары пайдалануу. [Текст]: /Ураимов Ш.// Наука и новые технологии.-Бишкек, №9. -2012. - С. 280–285

**11. Ураимов Ш.** Санжыра и ее роль в изучении этнической истории кыргызского народа [Текст]: /Ураимов Ш.// Горное, нефтяное, геологическое образование в XXI веке: Материалы VII Международной конференции, посвященной 80-летию КГТК им. Т.Кулатова.- Москва-Кызыл-Кия, 13–18 мая 2013 г. – С. 55–59.

12. **Ураимов Ш.** Санжыра как источник для изучения генеалогии кыргызского народа[Текст]: /Ураимов Ш.//Философские науки.-М, №5-6(62-63)- 2016.- С.71-74

13. **Ураимов Ш.** Санжыра(летопись) как исторический источник[Текст]: /Ураимов Ш.// Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук.-М, №08(91).- 2016.- С.203-206

14. **Ураимов Ш.** Санжырадагы байыркы кыргыз элинин тарыхы жөнүндөгү маалыматтар[Текст]: /Ураимов Ш.// Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.-Бишкек, № 6.- 2016.- С.137-140

15. **Ураимов Ш.** Кыргыз элинин уруулук түзүлүшү санжыра материалдарынын негизинде[Текст]:/Ураимов Ш.// Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.-Бишкек, № 6.- 2016.- С.147-150

**Ураимов Шайдиланын**

**«Санжыранын кыргыз тарыхын изилдөөдөгү ээлеген орду» аттуу 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Түйүндүү сөздөр**: миф, өнүгүү, санжыра, уламыш, урук, уруу, элдик оозеки чыгармачылык, эл, этнос.

**Изилдөө объектиси**. Оозеки тарыхый булактын бир түрү катары саналган санжыра.

**Изилдөө предмети**. Санжырадагы уруулардын генеалогиясы, курамы, этникалык тарыхы.

**Изилдөөнүн максаты**. Санжыранын кыргыз тарыхындагы орду, тарыхый булактык маанисине талдоо жүргүзүү.

**Изилдөөнүн методологиялык негиздери жана изилдөө ыкмалары.** Изилдөөнүн методологиялык негизин илимий объективтүүлүк, тарыхый, социалдык принциптер түздү. Илимий изилдөөнүн объектисине жараша тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-генетикалык, хронологиялык, проблемалык-хронологиялык методдор колдонулду

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- постсоветтик доордогу Кыргызстан тарыхнаамасында санжыранын кыргыз тарыхындагы орду, тарыхый булактык мааниси изилдөөгө алынды;
- оозеки тарыхый салттын бир формасы болгон санжыранын идеологиялык маанисин, функциясын тактоого аракет жасалды;
- санжыра материалдарынын негизинде кыргыз урууларынын генеалогиялык структурасын түзүүгө аракет жасалды.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү.** Диссертациянын материалы кыргыз элинин генеологиялык уламышы болгон санжыра жөнүндө илимий көз карашты кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө шарт түзөт. Изилдөөнүн натыйжасында алынган жыйынтыктар көчмөн эностордун ортосундагы көптөгөн этногенетикалык жана этномаданий тыгыз байланыштарды жана фактыларды ачып берүүгө шарт түзөт. Негизги жоболор, фактылык маалыматтар жана жыйынтыктар Ата мекен тарыхы боюнча жалпылоочу илимий теориялык эмгектерди жазууда, окуу-педагогикалык процессте колдонулушу мүмкүн.

**РЕЗЮМЕ**
**диссертации Ураимова Шайдилы**
**«Роль санжыра в исследовании истории кыргызского народа»**
**представленной на соискание ученой степени кандидата**
**исторических наук по специальности 07.00.02. – Отечественная история**

**Ключевые слова:** легенда, миф, народ, племя, развитие, род, санжыра, устное народное творчество, этнос.

**Объект исследования** – санжыра как один из видов устного исторического источника.

**Предмет исследования** – генеалогия, состав и этническая история кыргызских родов племён по санжыре.

**Цель исследования -** анализ роли санжыра в исследовании истории кыргызского народа, а также ее историко-источниковедческое значение.

**Методологические основы и методы исследования**. Методологическую основу исследования составляют научная объективность, исторический и социальный принципы. Согласно объекту научного исследования использованы сравнительно-исторический, генетико-исторический, хронологический, проблемно-хронологический методы.

**Научная новизна исследования:**

- впервые в историографии Кыргызстана рассматривается роль санжыра в исследовании истории кыргызского народа, ее историко-источниковедческое значение;
-уточнены идеологическое значение и функции санжыры как одной из форм устной исторической традиции;
- предпринята попытка составления генеалогической структуры кыргызских родов и племён на основе материалов санжыры.

**Практическая значимость исследования.** Основные положения, фактические данные и выводы могут быть использованы при создании обобщающих трудов по отечественной истории, а также в учебно-педагогическом процессе.

Результаты исследования представляют определенный интерес для специалистов и широкого круга читателей.

## SUMMARY
## dissertations Uraimov Shaidila "Kyrgyz Sanjira as a Historical Source" submitted for the degree of candidate in the specialty 07.00.09. - Historiography, source research and methods of historical research

**Key words:** statehood, legend, myth, people, tribe, development, gender, sanjyra, oral folk art, ethnos.

**The object of research** is sanjira as one of the types of an oral historical source.

**The subject of the research** is the genealogy, composition and ethnic history of the Kyrgyz tribes of the tribes of Sanjir.

**The purpose of the research** is to study and study the materials of Sanjir, reflecting the genealogical structure and ramification of Kyrgyz tribes as one of the types of oral historical source.

**Methodological bases and methods of research**. The methodological basis of the research is scientific objectivity, historical and social principles. According to the object of scientific research, comparative-historical, genetic-historical, chronological, problem-chronological methods are used.

**Scientific novelty of the thesis:**

- Sanjyra for the first time in the history of Kyrgyzstan's historiography of the post-Soviet era was studied as a historical source;
- an attempt was made to clarify the ideological significance and function of the Sanzhyra as one of the forms of the oral historical tradition;
- an attempt was made to compile the genealogical structure of Kyrgyz tribes on the basis of Sanzhyry materials.

**The practical importance of the research.** The obtained results of the research reveal many moments and facts of close ethnogenetic and ethno-cultural ties that existed between nomadic ethnoses, as well as between nomads and agricultural peoples, make it possible to characterize the degree of their participation in the history and culture of an ethnos, state and society, help to uncover new pages of the history and culture of Kyrgyz and other nomadic peoples of Central Asia. The main provisions, evidence and conclusions can be used to create general works on national history, as well as in the educational and pedagogical process. The results of the research are of some interest for specialists and a wide range of readers.